УДК: 81-1:81.42

**Токтосунова А. М.**
филология илимдеринин кандидаты
*А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети, Кыргыз-Россия факультети, кыргыз тили жана адабияты кафедрасы*

## ТУУГАНЧЫЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ИЗИЛДЕНИШИНДЕ АКАДЕМИК Б. Ө. ОРУЗБАЕВАНЫН РОЛУ

**Токтосунова А. М.**
кандидат филологических наук
*Ошский государственный педагогический университет имени А.Мырсабекова, Кыргызско-Российский факультет, кафедра кыргызский язык и литература*

## РОЛЬ АКАДЕМИКА Б.Ө. ОРУЗБАЕВОЙ В ИССЛЕДОВАНИИ ТЕРМИНОВ РОДСТВА

**Toktosunova A. M.**
Candidate of Philological Sciences
*Osh State Pedagogical University named after A.Myrsabekov, Kyrgyz-Russian Faculty, Department of Kyrgyz Language and Luterature*

## THE ROLE OF ACADEMICIAN B. O. ORUZBAEVA IN THE STUDY OF KINSHIP TERMS

**Аннотация.** Макалада академик Б. Орузбаеванын кыргыз тил илиминдеги тууганчылыкка байланыштуу терминдердин этимологиясын түшүндүрүү аркылуу алардын тыбыштык түзүлүшүн типтерге ажыратып көрсөткөндүгү, пикирлери анализге алынды. Окумуштуу терминдердин алгачкы тыбыштык өзгөчөлүгү жана тектеш тилдерде кандай колдонулгандыгы, бүгүнкү күндө кандай тыбыштык өзгөчөлүккө ээ экендигин анализге алуу менен тилдердин тарыхый жаралуусун, өнүгүү процессин жана тарыхый себептерин ачып бере алгандыгы жөнүндө сөз болду. Б. Орузбаеванын изилдөөлөрү түздөн-түз тууганчылык терминдерине багытталбаганы менен анын эмгектеринде тууганчылыкка байланыштуу сөздөр жөн гана мисалга алынбастан, анын этимологиясы кошо берилүү менен анализденген. Бул айтылган маселелер Орузбаеванын этимология маселесине кайдыгер эместиги, ошол багыт боюнча изилдөөлөрдүн болушу зарыл маселе экендигинен кабар берет.

**Негизги сөздөр:** тыбыштык түзүлүш, тектеш тилдер, тууганчылык терминдер, этимология, түркология, тарыхый жаралуу.

**Аннотация.** В статье анализируется вклад академика Б. О. Орузбаева в объяснение эти-мологии терминов родства в кыргызском языке, а также его подход к их фонетической структуре и классификации. Обсуждаются мнения ученого о первоначальных фонетических особенностях терминов, их использовании в родственных языках, а также о современных фонетических характеристиках, что позволяет раскрыть историческое происхождение, процесс развития и исторические причины языков. Хотя исследования Б. Орузбаева не были непосредственно сосредоточены на терминах родства, в его работах слова, связанные с родством, анализировались не только как примеры, но и с предоставлением их этимологии. Эти вопросы подчеркивают, что Орузбаев не остается равнодушным к проблемам этимологии и указывают на необходимость дальнейших исследований в этом направлении.

**Ключевые слова:** фонетический строй, родственные языки, термины родства, этимология, тюркология, историческое происхождение.

**Abstract.** In the article, academician B. Oruzbaeva explained the etymology of the terms related to kinship in Kyrgyz linguistics and showed their sound structure into types, the opinions were analyzed. It was talked about the first phonetic features of scientific terms and how they were used in related languages, and by analyzing what phonetic features they have today, it was possible to reveal the historical creation, development process and historical reasons of languages. Although B. Oruzbaeva's researches are not directly focused on kinship terms, words related to kinship are not only cited in her works, but also analyzed with their etymology. These mentioned issues indicate that Oruzbaeva is not indifferent to the issue of etymology, and that it is a necessary issue to have research in that direction.

**Key words:** phonetic structure, related languages, kinship terms, etymology, Turkology, historical origin.

Академик Б.Орузбаева кыргыз тилинин уңгу жана мүчө морфемаларынын түзүлүшүн изилдөө аркылуу кыргыз тил илиминдеги бир топ маселелерди козгой алган. Тилдердин тарыхый жаралуу мезгилин, процесстеринен баштап, сөз маселесин, тыбыштык, морфологиялык түзүлүштөрүн жалпы тектеш тилдердин алкагында кароого аракеттенген. Мына ушул маселенин негизинде тууганчылыкка байланыштуу терминдердин этимологиясын түшүндүрүү аркылуу алардын тыбыштык түзүлүшүн типтерге ажыратып көрсөткөн. Ал терминдердин алгачкы тыбыштык өзгөчөлүгү жана тектеш тилдерде кандай колдонулгандыгы, бүгүнкү күндө кандай тыбыштык өзгөчөлүккө ээ экендиги жөнүндө анализ жүргүзүп, тилдердин тарыхый жаралуусун, өнүгүү процессин жана тарыхый себептерин ачып бере алган. Себеби тилдин тарыхый өнүгүшү узак мезгилди камтыйт жана сөзсүз түрдө фонетикалык, морфологиялык жактан өзгөрүүлөргө дуушар болот. Сөздөр тыбыштык жактан да, морфологиялык структурасы жагынан да өзгөрүүгө толук жана толук эмес учурашы мүмкүн. Аталган маселелердин алкагында төл сөздөрдүн жана аларды жасоого катышкан кызматчы морфемалардын тыбыштык түзүлүшүн караган. Ошону менен бирге эмгегинде "...сөз түркүмдөрү боюнча саноо, биздин оюбузча, алардын ар бир уңгу типтери боюнча потенциалын аныктоого мүмкүнчүлүк берип, келечек этимологиялык талдоо жүргүзүү ишине көмөкчү" болот деп ынанымдуу белгилеп көрсөтөт [Орузбаева, 2000, 5]. Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасына байланыштуу бир топ алгылыктуу маселелерди да, атап айтканда, сөз, уңгу, морфема маселелеринин негизинде тектеш тилдерди салыштырып кароо менен анализдеген, алгылыктуу пикирлерди жараткан. "Сөздүн түзүлүшүн талдоо анын жалаң гана морфологиялык түзүлүшүнүн ажытын ажыратууга жардам бербестен, жалпы эле алардын алгачкы тегин (төркүнүн), б.а., этимологиясын табууга жардам берет" деп белгилеп, төл сөз катары тууганчылыкка байланыштуу бир топ сөз-дөрдү мисалга алат [Орузбаева, 2000, 23].

Бул макалада аталган маселенин ар бирине токтолуп, анализдегенге аракет кылабыз. Тууган-урукту туюндуруучу сөздөрдүн лексикасы өзүнчө бир архаикалык терминологияны түзөт. Бул сөздөр кыргыз элинин лексикасында да кеңири тараган жана колдонулуп келет. Биз сөз кылып жаткан терминдер жалаң гана кыргыз элинин лексикасынан орун албастан, жалпы түрк элдеринин лексикасынан да кездешет, ал тургай айрым сөздөр окшош айтылат, мааниси да бирдей. Тууганчылыкка байланыштуу сөздөрдү академик Б. Орузбаева Э. В. Севортяндын "Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүнө" таянуу менен анализдеген. И. К. Алишова "Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү" деген изилдөөсүндө белгилейт: "Кыргыз тил илими жаатында тууганчылык терминдери кыргыз тилинин лексикологиясы, диалектологиясы боюнча жазылган илимий эмгектердин көпчүлүгүндө лексика-тематикалык топторго байланыштуу темалардын алкагында каралып келген. Андай эмгектерге Б. М. Юнусалиев [1959], К. К. Юдахин [1965], Б. О. Орузбаева [1970], Ш. Жапаров [2012], С. Сыдыков [1991], Ч. Дыйканова [1991], М. Толубаев [1991] өңдүү окумуштуулардын изилдөөлөрүн киргизүүгө болот. Ал эми кыргыз тилиндеги тууганчылык терминдери атайын изилдөөнүн объектиси катары синхрондук тектештирме өңүтүнөн Е. Н. Мурадымова [Мурадымова, 2010], А. А. Машрабов [Машрабов, 2000], О. Каратаев [Каратаев, 2003], Ш. Ж. Эржигитова [Эржигитова, 2016] Ж. Жумалиев, С. Жумалиев [Ж. Жумалиев, С. Жумалиев,

2021], Ч. Ж. Мусаева [Мусаева, 2024] өңдүү авторлордун изилдөөлөрүн киргизүүгө болот" [Алишова, 2024, 7]. И. К. Алишова белгилегендей, академик Б. Орузбаева кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн тыбыштык түзүлүшүн типтерге ажыратып көрсөтүү менен тууганчылык сөздөрдүн этимологиясына токтолгон. Өзүнүн изилдөөлөрүндө уңгу жана мүчөгө ажырабаган төл сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүү менен өз-өзүнчө караган. СГСГ тибиндеги зат атоочтордун тибине тууган-туушкандыкка байланыштуу төмөндөгү сөздөрдү мисал катары келтирген. Бажа, бөлө, бала, жеңе. [Орузбаева, 2000, 106.] "Бажа" сөзүнүн этимологиясына токтолуу менен Э. В. Севортяндын пикирине таянат: бажа – тектеш тилдердин көпчүлүгүндө баажа, бача, баз, база варианттары менен учурайт [Орузбаева, 2000, 107]. Тектеш түрк тилдеринде тууганчылыкка байланыштуу терминдердин мааниси жана аталышы бирдей, мааниси жана аталыштары боюнча кээ бир гана тыбыштык айырмачылыктарга ээ. Азыркы кыргыз тилинде уңгу жана мүчөгө ажырагыстай бир сөздөн турган сөздөр Орхон-Енисей жана байыркы эстеликтерде уңгусу жана мүчөсү өзүнчө маани берген сөздөрдөн тургандыгын учуратабыз.

М.И.Хаджилаев өзүнүн монографиясында мындай деп жазат: "Важность изучения терминов родства и родственных отношений определяется тем, что они обозначают жизненно важные понятия, обладают устойчивостью на протяжении столетий и служат ценнейшим материалом как для диахронического изучения языка, так и для изучения истории и этнографии его носителей" [Хаджилаев, 1970, 84]. Демек, Хаджилаев айткандай, тууган-уруктарды туюндурган терминдерди окуп-үйрөнүү менен бирге, ошол элдердин тарыхын жана этнографиясын да таанып билебиз.

Ошондой эле кээ бир лингвисттердин көз карашы боюнча, туугандык аталыштар балдардын сүйлөөсүнөн келип чыкты деп далилдешет. Бул жөнүндө К. М. Мусаев: "Тюркские названия родства ата, она, ака, итта, инна и другие, в которых имеются элементы та, на, к, и, т, к, обьединяются общим значением они обозначают названия старших родственников (отец, мать, старший брат, старшая сестра, дед, и т.д.) что, очевидно может служить одним из факторов, подверждающих теорию о возникновении подобных названий из детской речи", - деп жазат [Мусаев, 1975, 261].

Туугандык мамиле – ата менен баланын ортосундагы байланыш, ата-бабалар менен урпактардын ортосундагы мамиле. Мына ушул тууганчылык сөздөрдүн этимологиясын ачууда лексикалык жана семантикалык жактан окшош сөздөр көп.

Монгол, алтай, тунгус, манжур жана жалпы түрк тилдеринин өз ара катыштыгына кайрылып, белгилүү түрколог Л. В. Котвич алардын тектештиги эң байыркы мезгилге таандык, биздин эрага чейин миңинчи жылдын башында, гундар эпохасынын башында (б.э.ч.1-2-к.) эле түрк, монгол тилдеринин ар бири өз алдынча сөздүк фондуга, морфологиялык түзүлүшкө ээ болгон, бирок алар типтик жактан бири-бирине жакын болгондугун белгилейт. Аталган тилдин лексикасын салыштырып изилдөө – жалпы эле тил илиминде орчундуу маселе. Албетте, түркологиялык адабияттарда тууган-урукка тиешелүү терминдер жөнүндө буга чейин да сөз болгон. Бирок, тилекке каршы, айрым сөздөрдүн этимологиясы атайын чечилбестен салыштырылып келген. Б. Орузбаева өзүнүн изилдөөлөрүндө В. Котвичтин эмгектерине таянып, анын пикирлерин кубаттайт [Орузбаева, 2000, 15].

Бөлө – кыз бир туугандардын балдары же кыздары. Орузбаева өзүнүн эмгегинде бөлө сөзү түрк-монгол тилдеринде кездешерин, алгач монголдор колдонгонун, андан түрк тилдерине өткөндүгүн, монголдордо булу/бул, бала/бүл түрүндө кездеше тургандыгы жөнүндө сөз козгойт [Орузбаева, 2000, 109]. Ал эми "бөлө" сөзүн монголдордо кайсы түрүндө кездеше тургандыгын тактоо максатында сөздүктү караганыбызда, "бүл" түрүндө кездеше тургандыгын байкадык. Сөздүктө "БҮЛ / BilO двоюродный брат по матери, сын сестры матери; двоюродная сестра (по матери); дети сестёр" деп берилген [Большой академический монгольско-русский словарь 2001, 444]. Б. Орузбаева "бөлө" сөзүнүн алгачкы түзүлүшүн СГС+Г түзүлүшүнө барып такалат деп көрсөтөт [Орузбаева, 2000, 108].

Келин – невестка, сноха ушул мааниде Орхон-Енисей жана байыркы түрк эстеликтеринде кезигет. Кыргыз жана түрк тилдеринде келин деген сөздүн семантикалык мааниси жаңы келин же төрөй элек жаш аялды түшүндүрөт. "Келин" деген сөздүн этимологиясы жөнүндө түркологиялык адабияттарда уңгусу кел-гел деген этиш сөз делип, ага этиштен ат атооч жасоочу –ни мүчөсү жалганган деп каралат [Покровская, 1961, 648]. Ал эми академик Орузбаева "келин" сөзүнүн

этимологиясын Севортяндын эмгегинен гелин, галин, келен, килин, кел+ын//-ин деп берүү менен бирге СГСГС түзүлүшүндөгү атоoч сөз катары морфемалык түзүлүшүнө токтолгон [Орузбаева, 2000, 155].

“Бий” деген сөздүн лексикалык мааниси аялзатына карата да айтылган. Мисалы, бийкеч – “бойго жеткен кыз бала” деген түшүнүктү туюндурат [Севортян, 1965, 134]. Ал эми карачай-балкар тилинде бийче кыз – барышня, келин – “невеста” деген түшүнүктү туюндурат [Русско-карачаево-балкарский словарь, 1965, 34].

Жалпы түрк тилдериндеги “келин”, “катын-хатун” сөздөрү менен бирге кыргыз тилинде келин сөзү бар. Бул сөздүн түзүлүшүндө ке, ка, ко, уңгулары катышкандыгы белгилүү турат. Түрк тилиндеги саналган өнүмсүз уңгулар качандыр бир убактагы ички флекция кубулушун чагылдырышы мүмкүн. Ал эми “келин” сөзүндөгү “л” болсо, кыргызча (кол+ук+ту) сөзүндөгү моделге жогоруда аталган ин (манжур тилинде –ин мүчөсү жить дегенди туюнтат) менен кошулуп кеткен болбосун деген ой туулат. “Келин” деген сөз, тарыхый жактан алып караганда, эки компоненттен тургандыгы байкалат. Гэ+ин, мындан биринчи компоненти гэ буга ин деген этиш кошулган.

“Балдыз” – аялынын сиңдисинин аталышы. Бул сөз көп элдерде так туугандык маанини түшүндүрбөйт. Севортяндын көз карашы боюнча, бул термин түрк диалектисиндеги бал – кыз, ага аффикс – дыз уланyy жолу менен калыптанган дейт [Севортян, 54 ]. Каракалпак диалектисинде “балдыз”, азербайжанда “балдыз”, чуваш “пултар” ал эми кыргызча “балдыз”. Академик Б.Ө.Орузбаева да өзүнүн иликтөөлөрүндө балдыз сөзүнүн этимологиясын Севортяндан алат да, бул сөздүн алгачкы түзүлүшүн СГС+Г деп баштапкы бал – “брат, сестра, маленькая девочка” [Орузбаева, 2000, 108], балдыз сөзү уңгу мүчөгө ажыратылбаган сөз катары СГССГС формасында деп эсептейт [Орузбаева, 2000, 158].

Ушундай түзүлүштөгү сөз катары төркүн сөзүн алат. Алгачкы муунун “төр” деп алат жана “туу” этиш сөзү менен маанилеш деп карап, СГС түзүлүшүнө алып барат [161-бет], СГСГСГ – кудача [166-бет], ГСГСГС түзүлүшүндө уңгу мүчөгө ажырабаган сөздөргө - абыгый, абысын деген тууганчылыкка байланыштуу сөздөрдү киргизет. Абыгый сөзү абаке сөзү менен маанилеш [170-бет], абысын монгол тилинен оошкон аб// эб// эп // + -сын // -чын // -чы мүчөлөрү жалганат [223-бет] деп берет. Монгол сөздүгүн карагаiныбызда, аав–ын - отцовский; папин; деген түшүнүктү берет [125-бет].

“Ата-баба” – бул термин түрк тилдеринде жана монгол тилдеринде сүйлөгөн көпчүлүк элдерде мааниси жагынан окшош. Монгол тилинде “эленц, эцег” деген сөз “ата-баба” деген маанини туюндурат. Мындан “эленц” баба, “эцег” ата. (ЭЦЭГ 1) отец; өвөг эцэг отец отца, дед; төрсөн эцэг родной отец; хадам эцэг а) тесть; б) свёкор; хойт эцэг отчим; хөхөлт эцэг муж кормилицы; хуурай эцэг названный отец; элэнц эцэг прадед; эцэг орон отечество; эцэг өвгөд хорш. предки; эцэг өвгөдийн минь үйл хэрэг мөнх дело наших отцов не умрёт; эцэг тогтоох а) установить отцовство; б) установление отцовства; эцэг эх родители) [Большой академический монгольско-русский словарь. 2001. 1326]. Ошондой эле бул сөз туугандыкты жалпылоочу термин да болуп саналат. “Баба” сөзү жөнүндө Ж.Өмуралиеванын макаласында да белгиленип өтөт. Баба сөзү да Б.Ө.Орузбаеванын аталган эмгегинде СГСГ тибиндеги сөз катары эсептелинет [Орузбаева, 2000, 151].

Дагы бир белгилей кетчү нерсе кыргыздарда эне тарабынан таралган туугандар өзүнчө, ата тарабынан таралган туугандар өзүнчө термин менен туюндурулат. Кайын тарабынан туугандык өзүнчө термин менен аталат. Мисалы, таене, таята, таеже, таяке, таажеңе, жээн, чоң ата, чоң эне, байке, жеңе, жезде, кайната, кайни, бажа ж.б.

Жогоруда мисалга алынган сөздөрдөн “жээн” сөзү байыркы түрк жазма эстеликтеринде “йеген” формасында колдонулган, кийинкисинде кыргыз тилинде созулма үндүүгө айлангандыгы көрүнүп турат. Тунгус-манжур тилинин фактыларына караганда, жазма эстеликтеги жогоруда аталган “йеген” деген сөз тарыхый жагынан эки компоненттен куралган йе+г+ен. Мындан биринчи компоненти (йе) – тунгус-манжур, монгол тилдериндеги “жэ” тыбышынын өзгөргөн түрү. Ал эми кийинкиси алтай тилинин аталган топторунда “жээн” карындашынын же эжесинин баласы деген түшүнүктү билдирет. Түркчө йе+г+ен сөзүнүн экинчи муунундагы “ен” сөзү карындашынын же эжесинин баласы деген түшүнүктү туюндурат. Демек, ушул фактыларга таянып, түркчө “йеген” сөзү тарыхый жагынан синонимдик эки сөздөн куралган деп эсептөөгө негиз бар. Ал эми А.Машрабов өзүнүн изилдөөлөрүндө тууганчылык терминдердин изилдениш та-

рыхына көңүл бөлөт. Жээн сөзүнүн маанисин кыздын балдары же кыз тараптан небере деп карайт [Машрабов, 2017, 17].

Мындан сырткары "Сөз курамынан" СГСГССГ түзүлүшүндөгү уңгу мүчөгө ажырабаган сөздөргө – колукту [184], СГСГСГС түзүлүшүндөгү уңгу мүчөгө ажырабаган сөздөргө – кудагый [185], СГССГ түзүлүшүндөгү эки муундуу сөздөр, бүгүнкү күндө уңгу мүчөгө ажырабаган сөздөргө – байке, жезде [141], СГСГС тибиндеги эки муундан турган төл сөздөргө кайын, жубай, келин, бөбөк [149] сөздөрүн учуратабыз.

Кыргыз тилиндеги тууганчылык сөздөр К. К. Юдахиндин сөздүгүндө да берилген. Аталган сөздүктө аталган сөздөрдүн кайсы тилден кабыл алынганы баса көрсөтүлгөн.

Жыйынтыктап айтсак, тууганчылыкка байланышкан терминдер ар бир улуттун лексикасында кездешет жана туугандыктын алыс жана жакындыгына карата ар башка атоолор менен аталат. Тууганчылык терминдерди өз ара салыштырып караганда, алардын чыгыш теги бир экендигине күбө болобуз. Б.Орузбаеванын изилдөөлөрү түздөн-түз тууганчылык терминдерине багытталбаганы менен анын эмгектеринде тууганчылыкка байланыштуу сөздөр жөн гана мисалга алынбастан, анын этимологиясы кошо берилүү менен анализденген.

Бул айтылган маселелер Б. Орузбаеванын этимология маселесине кайдыгер эместиги, ошол багыт боюнча изилдөөлөрдүн болушу зарыл маселе экендигинен кабар берет.

**Адабияттар:**


1. Алишова И. К. Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык сөздөрдүн этимологиясы. Канд. дисс. автореф. – Б., 2024.
2. Большой академический монгольско-русский словарь. – М., 2001
3. Котвич В. Исследования по алтайским языкам. – М., 1962
4. Машрабов А.А. Тууганчылык терминдерине ономасиологиялык илик. – Б., 2017
5. Мусаев К.М. Лексика тюркских языков в сравнительном освещении. – М., 1975,
6. Орузбаева Б. Сөз курамы.- Б., 2000
7. Покровская И.А. "Термины родства в тюркских языках. Историческая развития лексики тюркских языков". – М., 1961, 648
8. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркских языков. – М., 1997
9. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. – Ф., 1988
10. Хаджилаев Х. Очерки карчаево-балкарской лексикологии. – Черкесск 1970,
11. Русско-карачаево-балкарский словарь. – М.1965.